УДК: 379.8
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2019-1-32-37

**Келдибеков А. Д., Асланова А. Т.**
тарых илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекет жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти, , Кыргызстан
Ж.иБаласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин 2-курстун магистранты, Кыргызстан

**Келдибеков А. Д., Асланова А. Т.**
кандидат исторических наук, доцент кафедры теории и истории государства и права Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына, Кыргызстан
Магистрант 2 курса, юридического факультета
Кыргызского национального университета им. Ж. Баласагына, Кыргызстан

**Keldibekov A. D., Aslanova A. T.**
candidate of historical Sciences, associate Professor of the Department of theory and history of state and law of Kyrgyz national University. Zh. Balasagyna, Kyrgyzstan
2nd year master's student, faculty of law
Kyrgyz national University. Zh. Balasagyna, Kyrgyzstan

# «МАНАС» ЭПОСУ – КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КӨӨНӨРБӨС МАДАНИЙ МУРАСЫ

# ЭПОС «МАНАС» – БЕСЦЕННОЕ КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

# EPIC “MANAS” – SPIRITUAL DIGNITY OF KYRGYZ PEOPLE

**Аннотация:** Макалада ЮНЕСКОго катталган дүйнөлүк адамзааттык мурастардын арасында кыргыз элинин маданий үлгүлөрүнүн туу чокусу болгон «Манас» эпосунун мааниси, орду жана ролу жөнүндө айтылат. “Манас” эпосу кыргыз элинин тарыхын, турмуш тажрыйбасын, адеп-ахлагын, салт-санаасын, рухий маданиятын жана географиялык, медициналык, астрономиялык, педагогикалык, философиялык билимдерин чагылдырган мурас экендиги жөнүндөгү окумуштуулардын олуттуу ой-пикирлери тыянакталды. Авторлор тарабынан «Манастын» кыргыз элинин жашоосунан терең орун алуусуна зор салымын кошкон айтуучулар – эпостун түзүүчүлөрү, сактоочулары катары бул мурасты муундан муунга өткөргөн өзгөчө феномендер катары талдоого алынды.

**Аннотация:** В данной статье указывается значение, место и роль эпоса «Манас» среди общечеловеческих наследий, зарегистрированное в ЮНЕСКО, которое является образцовым примером культурных ценностей кыргызского народа. Обобщены значительные мнения ученых о «Манасе» – которые представляют эпос как великий памятник истории кыргызского народа, художественно обобщающее в себе многовековой опыт народа с мудрыми изречениями народного сознания, обычаи и традиции, духовную культуру, географические, медицинские, астрономические, педагогические, философские знания кыргызского народа. Авторами проанализированы сказители – как особый

феномен, которые являются создателями и хранителями эпоса, передававшие от поколения к поколению.

**Annotation**: This article indicates the meaning, place and role of the epic “Manas” among the common human heritage, registered in UNESCO which is an exemplary example of the culture values of the Kyrgyz people. Summarized the significant opinions of Scientists about the “Manas” which represent the epic as a great monument to the history of the Kyrgyz people artistically self – contained centuries – old experience of the people with wise sayings of national consciousness, customs and traditions, spiritual culture, geographical medical, astronomical, pedagogical, philosophical knowledge of the Kyrgyz people. The authors analyzed – the storytellers as a special phenomen, that is the creator and custodians of the heritage passing from generation to generation.

**Ачкыч сөздөр:** «Манас» эпосу, маданий мурас, манасчылар, поэтикалык чыгармалар, руханий дөөлөттөр, критерий, дүйнө тааным.

**Ключевые слова:** эпос «Манас», культурное наследие, сказители эпоса, поэтические произведения, духовные ценности, критерий, мировоззрение.

**Keywords**: epic “Manas”, cultural heritage, narrators of the epic, public works, spiritual values, criteria, world view.

Адамзааттык маданий мурастарынын алкагында маданий үлгүлөр адамдын акылынан, колунан жаралган нерсенин кандай гана түрү болбосун адамдын жашоосундагы тарых издерин бүтүндөй чагылдырып турат. Эстафета катары бизге жетип келгендери, канчалары болсо биздин заманыбызга жетпей түп орду менен жок болуп кеткендери да бар.

Белгилүү культуролог Эвелина Штурман «70 шедевров мирового искусства» деген эмгегинде ЮНЕСКОго катталган дүйнөлүк адамзааттык мурастардын үлгүлөрү тууралуу кеп кылат. Анын пикири боюнча «мейли ал живопись болобу, же байыркы шаарлардагы укмуштуудай архитектуралык скульптуралык ансамблдери болобу, же байыркы чыгыш элдеринин искусствосубу, антикалык маданиятпы, Орто кылымдагы Европанын маданиятыбы, диний ыйык предметтеринин элементтериби. Искусствонун кайсы гана түрү болбосун жалпы адамзаатык мааниге ээ маданий дүйнө экендигин тастыктайт [8. с.198]. Жалпы адамзааттык маанидеги маданий мурастар мезгилдер аралыгындагы тарыхый издерди өзүнө сиңирип, эпикалык дүйнөнүн кылка өнүккөнүн көргөзүп турат Поэтикалык чыгармаларга далил иретинде аккад-шумерлердин «Гильгамешин», индустардын «Махабхарата» жана «Рамаянасын», кара калпак, өзбек элдеринин «Алпамышын», калмактардын «Жангарын», ирандыктардын «Шахнамесин», азербейджандардын «Деде Коркутун», кыргыздардын «Манасын» кошууга болот.

Ал эми көчмөн элдери да бири-бири менен байланышып, биринен укканын экинчиси эске тутуп калуу менен оозеки маданиятты өнүктүрүп келишкен. Мындан улам биз ошол байыркы доорлордо этностор, уруулар кандайча тарап, ишеним, каада-салт, үрп-адаттар жок болуп кетпей кийинки муундарга сакталып калышына жооп алабыз.

Ар бир этникалык коомчулуктун рухий маданиятынын курамы, уюткусу жана өзөгү ошол улуттун тарыхый таржымалы жана оозеки элдик-поэтикалык чыгармачылык мурастарында түптөлөт. Дүйнө жүзүндөгү эң байыркы элдердин катарына кирген кыргыздардын да эзелки жашоо тиричилиги, баалуулуктары жана дүйнөгө болгон көз караштары, илимдеги жазма иштери жана маданиятты сактоонун башка материалдык каражаттары жок учурда эле кыргыз маданиятынын уникалдуу феномени болуп эсептелген «Манас» эпосуна байыр алган. «Манас» эпосунун башка элдердин жана кыргыз элинин

кенже эпосторунан айырмалап турган өзгөчөлүгү – анын XX кылымга чейинки кыргыздардын коомдук аң сезиминин бардык тарабын түгөл чагылдырылгандыгында жатат. Байыркы доорлордон башат алган мифтер жана ынанымдар, тарых жана дүйнөтааным, адеп-ахлак жана салт-санаалардан жыйналып чогултулган кыргыздардын рухий казынасы «Манас» эпосунда топтолгон. Ушуга байланыштуу академик Б. Юнусалиев: «“Манас” эпосун кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелиги, анын өмүр баяны жөнүндө өзүнчө бир энциклопедиясы деп кароого болот” – деп жогору баа берген [3,6-б.].

“Манас” – бул кыргыз элинин кылымдардан кылымдарга түптөп келген баалуулуктарын чагылдырган маданий мурас, улуттун жүзүн ачкан “өздүк күбөлүгү” болуп эсептелгенине байланыштуу, эпосту кыргыз элинен бөлүп кароо мүмкүн эмес. “Манас” эпосу кыргыздын тарыхы, турмуш тажрыйбасы, адеп-ахлагы, салт-санаасы, рухий маданияты жана географиялык, медициналык, астрономиялык, педагогикалык, философиялык билимдери менен кошо жаралган, жалпы адамзатка ысымынын маанисине теңтайлаш чыгарма. Кыргыз элинин “Манаска” болгон мамилеси тууралуу белгилүү түрколог, этнограф, педагог В.В. Радлов мындай дейт: “Манас культу эзелтен кыргыз эли үчүн башка белгилүү культтардан бийик бааланып келген. Анын ысымы жана иш-аракеттери өзгөчө нерселер менен байланыштырылат. “Манастын” кыргыздардын арасындагы белгилүүлүгү жөнүндө “Манастын” ири көлөмүнө карабастан, ар бир кыргыз атуулунун эпостун негизги сюжеттик багытын билүүсүнөн, бардык негизги каармандарды атап чыгып, эң негизги эпизоддордун мазмунун айтып бере алышынан байкоого болот. Эпостун эң көрүнүктүү ыр саптарын эсинде сактай албаган кыргызды кезиктирүү дээрлик мүмкүн эмес” [2. с.7].

Эл оозунан жыйналып алынган “Манас” эпосу алгачкы ирет XIX кылымдын экинчи жарымында казак окумуштуусу Чокон Валиханов тарабынан кагазга түшүрүлгөн күндөн тартып эпостук бөлүмдөрү, саптары жана тексттери кемибей, кошумча түшүндүрмөлөр менен толукталып, доордон доорго өтүп бүгүнкү күндө илимпоздордун энчисине айланды. «Манас» эпосунун тарыхта кунарлуу жолду басып өткөн кыргыз элинин руханий турмушундагы орду эпостун ушул күнгө чейин китеп түрүндө жашап келгени менен бирге азыркы учурда да оозеки чыгармачылыктагы топ жылдыздын эң жаркыны катары манасчылардын өнөрүндө жана ошондой эле эпостогу айрым курч окуялар, таамай салыштыруулар, мыкты саптар эл оозунда лакап, учкул сөз формасында жашап келгендиги менен мүнөздөлөт. Ошондуктан, «Манас» эпосунун муундан муунга өтүп, кыргыз элинин жашоосунан терең орун алуусуна зор салымын кошкон инсандар – манасчыларды – эпостун түзүүчүлөрү, өнүктүрүүчүлөрү, сактоочулары катары «Манаста» манасчынын акыркысы болбойт» деп айтылгандай, бул мурасты байыркыдан бүгүнкүгө, бүгүнкүдөн эртеңки күнгө өткөргөн «байланыш көпүрөсү» деп атасак жаңылышпайбыз. «Манас» эпосун айткан өнөр өзүнчө кесип катарында эл арасында өнүгүп, эл тарабынан кеңири урмат-сыйга ээ болуп келген. Салтанаттуу жерлерде батынып “Манасты” бардыгы айта берген эмес. Ал үчүн өзгөчө жөндөм, даярдык, төкмөлүк өнөр талап кылынган. Кыргыздарда манасчылар эл кадырлаган жана сүйгөн, өнөрлүү, ардактуу адамдар катары эспетелип келет. Кыргыз окумуштуусу К. Рахматтулиндин айтымында, «Манас» айткан алгачкы жомокчулардын катарына киргендер – Токтогул жана XVIII кылымда жашаган Нооруз деген кишинин ысымы эскертилет [7. с.79]. Ошондой эле, XIX кылымдын белгилүү манасчылары катары Келдибек Барыбоз уулу, Балык (Бекмурат) Кумар уулу, анын уулу Найманбай, Тыныбек жапый уулу, Чоңбаш (Нармантай) ж.б. айтуу мүмкүн. Ал эми Совет доорунда жашап өткөн

жана эл ичинде «чоң жомокчу» наамына татыган манасчылардын белгилүүлөрү Сагымбай Орозбаков жана Саякбай Каралаевдер болуп эсептелет. Бүгүнкү күндүн манасчыларынан Талантаалы Бакчиев, Анарбек Жумалиев, Сейдрахманов Назаркулов, Жумалиев Асанкан сыяктуу ж.б. ысымдарды атап кетүү мүмкүн. Белгилей кетүүчү нерсе – жогоруда айтылган манасчылар жашаган дооруна карабастан, жарым миллион саптан турган ыр саптарын элге жеткирүү менен бирге, дасыккан элдик тарбиячылардын ролун да аткарып келишет. Алар элдик учкул сөздөрдү, макал-ылакаптарды кеңири пайдаланышып, ритмикалык так уйкаштыкта, окуянын маанисине жараша үндү өздөрүнүн сыйкырдуу аткаруучулук чеберчилиги менен элди өзүнө тартып, угуучулардын психологиясына өтө катуу таасир тийгизишет. Мына ошондуктан кыргыздын улуу жазуучусу Ч.Айтматов манасчыларды «кылымдардын касиеттүү өзөгүнө айланган көөнөрбөс элдик сөздүн сырын өз көөдөнүнө уюткудай кармап, байыркы кыргыздын обондуу поэзиясын сөзгө айландыргын «Манастын» айтуучусу» деп атайт [4. 3-б.].

Кыргыз эпосунун улуулугун, өлбөс-өчпөс түбөлүктүүлүгүн, карыбастыгын жана кол жеткис бийиктигин К. Жумалиев белгилүү критерийлерге бөлүп карайт. Аларга кыскача мүнөздөмө берсек, төмөндөгүлөрдү белгилөө мүмкүн. Биринчиден, эпос башка тарыхый-турмуштук шартта жаралса да, ошол күндөн ушул күнгө чейинки ар түрдүү тоскоолдуктарга, кысымдарга учурагандыгына карабастан, өзүнүн баа жеткис баркын жоготпой, чабылып-чачылбай, тескерисинче, уламдан улам көбөйүп, кээде адам баласы чаалыгып-чарчап, азып-тозуп баратканда, ага канат байлап, күчүнө күч берип, демине дем кошот. Экинчиден, эпос адам баласына таандык, орток не бир глобалдуу проблемаларды көтөрүп, дүйнө коомчулугунун назарын өзүнө буруп, ызаат-арзуусуна, бийик баасына татыйт. Үчүнчүдөн, сезимибиздин манифести, фольклордук жөнөкөй саясый программасы, түбөлүк жаңырып турган гимни, кыйшайбас туусу, ошондой эле эстетикалак, моралдык жана этикалык көз караштардын уюткусу. Төртүнчүдөн, эпос элибиздин басып өткөн эң бир узак, татаал жолун жана карт тарыхын чагылдырган күзгү болуп эсептелет, Бешинчиден, эпос эпос болуп калыптана башталгандан тартып, кыргыз элинин башынан өткөргөн ар кыл мезгилдеги көрүнүктүү, тарыхый окуяларды ассимиляциялоо менен, аны ары таамай, ары таасын, кеңири жана ар тараптуу чагылдырат. Байыркы эпос бүгүнкү турмушубузга да активдүү түрдө таасирин тийгизүү менен профессионалдык искусствобуздун башка түрлөрүндө эриш-аркак жашоо менен эң улуу шедевр катары кабыл алынуусу алтынчы критерийди түзөт. Жетинчиден, эпостогу гумандуу идеялар башкы жана негизги каармандар: Манас, Бакай, Алмамбет, Кошой, Чубак, Сыргак ж.б. образында гана күчтүү берилбестен Каныкей, Арууке, Чыйырды, Кыз Сайкал сыяктуу аялдардын галереясы да түзүлгөн. Эпосто элибиздин кылымдар бою Ата журтту, Мекенди, эл-жерди тышкы жана ички душмадардан көздүн карегиндей сактап, кашык каны калганча коргоо, ошондой эле территориялык жактан өзүнө канатташ, чектеш ар түрдүү элдер, уруулар менен карым-катнаштары, достук мамилелери бүгүнкү күндүн идеялары менен үндөшүп тургандыгы акыркы критерийди түзөт [1. 10-11-бб.].

Жогоруда берилген критерийлердин баары өзүнчө уникалдуу келип, ошол эле учурда бири-бири менен тыгыз байланышта тургандыктан, аларды өз алдынча ажыратып кароо жаңылыштык болот. Анткени бул – «Манас» эпосунун үзгүлтүксүз түрдө түз сызык менен өнүгүүсү, кыргызды дүйнөгө таанытышы, кыргыз элинин “тарыхый документи» катары каралуусу, көркөмдүгү, учурда искусствонун ар түрдүү бутактарында жашашы, аял затына өзгөчө орун ыйгаргандыгы, мекен сүйүүсү менен эл аралык мамилелердин башатын

түзүүсүн туюнткан сегиз критерий биригип отуруп «Манас» эпопеясынын турпатын толук ачыктап берип отурат.

Кыргыз элинин өз тагдыры жана көз карандысыздыгы үчүн көп кылымдар бою жүргүзгөн күрөшү, алыскы жана жакынкы коңшулары менен болгон мамилелери жана ошондой эле эч кимге душмандык кылбоо, башка элдерди, урууларды тебелеп тепсебөө, эркиндикти туу тутунуу «Манастын» негизги идеяларынын катарына кирет. Буга кошумча, кыргыз эпосу бул – жарык дүйнөдөгү: жакшылык-жамандык, өмүр жана өлүм, жарык жана караңгы, тынчтык жана согуш, каниеттүүлүк жана ач көздүк, достук жана кастык, марттык жана сарандык сыяктуу карама-каршы түшүнүктөрдүн чегинде ак жана каранын тынымсыз күрөшүн көрсөтүү аркылуу кыргызды кыргыз кылган мекенчилдик таалимин берген чыгарма болуп эспетелет. Бул тууралуу профессор Р.З. Кыдырбаеванын мындай деп айтканы белгилүү: «Кыргыз элинин укмуштуу эпосу «Манас» – чексиз кайраттуулукту, жоокерлик ар-намысты, Ата Журтту терең сүйүүнү даңктаган чыгарма. Нечен кылымдарды камтыган кары тарыхында кыргыздар өзүнүн көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн баатырдык күрөш жүргүзүп келген. Душманга көжөлө каршылык көрсөткөн элдин кебелгис күчү, кажыбас кайраттуулук жана чексиз каармандык кыргыз элин таптакыр жок болуп кетүүдөн сактап калган». [6.11-б.].

«Манас» эпосун өтө байыркынын жаңырыгы, жакынкы мезгилдердин элеси деп кароо туура болор эле [6. 14-б.]. Анткени эпос кыргыз элинин тарыхый өткөн жолун, дүйнө таанымын, жашоо тажрыйбасын гана көрсөтүү менен чектелбестен, калктын кылымдарды карыткан салтын, маданиятын, адептик дөөлөттөрүн бүгүнкү күнгө чейин жеткирип, учурда көп кырдуу тармактарда изилдөө үчүн баа жеткис булак катары кызмат кылууда. Мындан сырткары «Манас» эпосу эртеңки күнү да колдонулуучу түгөнгүс байлык, кыргыздын өмүр көчүн сүргөн жол көрсөткүчү, чаалыгып чарчаганда кубат берген кудуреттүү күчү болуп эсептелет. Ч. Айтматов белгилегендей: «Замандан заман өтүп, жер үстүндө кыргыз тили жашап тургуча «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катарында тура бермек» [5.5-б.].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Жумалиев К. «Манас» эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар: Жогорку окуу жайларынын студенттери жана кыргыз адабияты мугалимдери үчүн. Б.: 1999. – 10-11бб.
2. Иманалиев К.К., Кыдырбаева Р.З., и др. Манасоведение: учебное пособие. Издательство КРСУ, Б.:2011. – с.7.
3. «Манас». Кыскартылып бириктирилген вариант – Ф.: Кыргызмамбас. – 1958. – 1-бөлүк, 1-китеп – 6б.
4. «Манас»: С. Каралаевдин вариантында / Түз: А. Жайнакова, А.Акматалиев – Б.: «Турар», 2010. – 3б.
5. «Манас»: С. Орозбак уулунун вариантында – I-к. Ф.: «Кыргызстан», 1978. – 5 б.
6. Манас энциклопедиясы / Башкы ред. А. Карыпкулов. – Бишкек. – 1995. – Т. 1. – 11б.
7. Рахматтулин К. Творчство манасчи. «Манас» – героический эпос киргизского народа. – Ф.: – 1968. – с.79.
8. Эвелина Штурман. 70 шедевров мирового искусства. – М. изд: БММЗАО. 2010. – с.198.

**References:**

1. Jumaliev K. common human ideas in Use «Manas» epic: for students at the Universities and teachers of Kyrgyz literature. B.: 1999. - p.10-11.

2. Imanaliev K.K., Kydyrbaeva R.Z. and others. Manas study accounting. Publishing house KRSU, B.: 2011 –p.7.
3. “Manas” short version – F. Kyrgyzmambas. – 1958 – part – 1, – 1- book – p.6.
4. “Manas” The version of Karalaev created / A. Jainakova, A. Akmataliev – B.: “Turar”, 2010. – 3p.
5. “Manas”: The version of S. Orozbak uulu – I-k. F.: “Kyrgyzstan” 1978 – 5p.
6. Manas encyclopedia / Chiev Editor A. Karynkulov – Bishkek. – 1995. – T. 1 – p.11.
7. Rahmattulin K. Creation manaschy “Manas” heroic epic of the Kyrgyz people. –F.: - 1968. – p.79.
8. Evelina Shturman. 70 masterpieces of world Art. – M. P.: BMMZAO. 2010. –p. 198.

**Рецензент: т. и. к., доценттин м.а. Сабиров Р.К.**